Бекитемин:_______
мектеп директору:
К. Сулайманова

№ 7 окуу кабинетинде өрт коопсуздугунан
сактануунун эрежелери

Өрт бул — материалдык чыгымдарга алып келүүчү адамдардын ден соолугуна жана өмүрүнө мамлекеттик коомчулук кызыкчылыктарына зыян келтирүүчү көзөмөл кылууга болбогон күйүү процесси.

Техникалык жабдуулар менен иш алып барууда «Өрт коопсуздугунун типтүү планын» таануу менен андагы көрсөтүлгөн эрежелерди толук аткаруу талап кылынат.

- Кандай гана өрт коопсуздугу катталбасын мектеп кызматкерлеринин электр аппараттарынын жана мектеп ичинде ызы чуунун болбошуна окуучуларды эвакуация планы боюнча сыртка алып чыгууга милдеттүү. Жакынкы аралыктагы өрт өчүрүүчү кызмат бөлмөсүнө кабарлоо;
- Өрт өчүрүү үчүн — кум, суу, өрт өчүрүүчү баллонду пайдалануу;

Өрттүн келип чыгышынын негизги себептери

- Электр приборлорун күтүүсүз кыска аралыкта зымдын чагылышуусу;
- Электр тогун таратуучу эсептегичтин ток кубаттуулугун көтөрө албоосу;
- Окуу кабинетине кошумча пиратехникалык заттарды алып кирүүсү;
- Ширешке, кагаз күйгүзүүдөн ;
- Өзүнөн өзү күйүү;

Башталган өрттүн белгилери

- Түтүндүн жыты, искра, жалын чыгуу;
- Күйгөн резинанын жана пластмасанын мүнөздүү жыты;
- Электр тармагындагы чыңалуунун төмөндүгү;
- Электр энергиясы, ага берүүнүн үзгүлтүккө учуроосу;
- Электр өткөргүчтөрүнүн күйүшүнүн белгилери;

Өрт коопсуздугунан сактануунун талаптары

- Окуу кабинети ар дайым таза жана кургак болуусу;
- Өрт өчүрүүчү баллондун оңой жана тийиштүү жерде орун алуусу;
- Ар бир өтүлгөн сабактан кийин мугалимдин окуу кабинетин кароосу;
- Электр приборунан кандайдыр бир мүчүлүштүктөр байкалса дароо өчүрүү;
- Иштеп жаткан электр приборду кароосуз калтырбоо;
- Бузулган же колго жасалган электр приборду колдонбоо;
- Бир резеткага үчтөн көп электр приборду сайбоо;

## Тыюу салынат

- Окуу кабинетине тамеки чегүүгө;
- Стандарттуу эмес электр приборду пайдаланууга;
- Изоляцияланган электр кабелдерди колдонуугa;
- Пиротехникалык заттарды киргизүүгө;

## Өрт коопсуздугундагы иш аракет

- Өрт кырсыгы боюнча мектеп администрациясына имарат боюнча тийиштүү адиске жана электр энергиясын көзөмөлдөөчү кызматкерлерге кабарлоо;
- Окуу кабинетинде сыртка чыгуу эвакуациясын уюштуруу;
- Өрт коопсуздугу боюнча уюшулган бригаданы жардамга чакыруу;
- Жакынкы өрт коопсуздугу боюнча күрөшүү бөлүмүнө кабарлоо;

## Өрт кырсыгындагы биринчи жардам

- Күйүп жаткан кийимди тезинен чечүү;
- Күйүп жаткан кийим менен чуркоого болбойт !
- Башты, бетти , көздү кол менен калкалоо;
- Өчүрүү үчүн өрт өчүргүчтү колдонууга болбойт;
- Сууга чумкуу же сууну жаба куюу керек;
- Карга жаткыза калуу;
- Күйүүнүн продукциясына уугуп калбоо үчүн башты ачык чүпөрөк менен денени жабуу;
- Денеге жабышкан кийимди сыйрыбоо;
- Жабыркаган адамдарга медициналык жардам көрсөтүп, тынчтандыруу менен ооруканага тезинен жеткирүү керек;

## Мектепте болуусу керек

- Өрт өчүрүүчү баллон (огнетушитель) ;
- Биринчи жардам көрсөтүү үчүн аптечка;
- Окуучулардын жумушчу орундарын санитардык, гигиеналык нормалар менен жайгаштыруу;
- Окуу бөлмөсүн желдетүүчү жабдык ;
- Күндүн нурунан коргоочу терезе жапкыч ;

## Эмгекти коргоо инструкциясы

- Бузук электр өткөргүчтөргө, өчүргүчтөргө, изоляциясы жок электр зымдарына корголбогон розеткаларга тийүүгө ;
- Өз алдынча ремонт иштерин жүргүзүүгө;
- Иш күнү аяктаганда жарыкты өчүрбөй кетүүгө;
- Терезе, форточка, көмөкчү эшиктерди ачык калтырууга;
- Уруксат берилбеген жерге тамеки тартууга, ширеңке чагууга, шам ж.б ачык отту колдонууга;
- Бузук электро аппараттарын, электр лампочкаларды которууга, алмаштырууга;

# Өрт болгон убакта эмне кылуу керек.

Өрт-граждандардын өмүрүнө жана ден-соолугуна, коомчулуктун жана мамлекеттин таламдарына залал, материалдык зыян келтирүүчү ээ-жаа бербеген күйүү.

- Өрт чыкса, кабыл алынган чараларды ыраатты менен колдонуу керек.
- Өрт чыгаары менен тез арада телефонуна «101» номерине чалып, өрткө каршы кызматын чакыруу керек.
- Өрттүн чыгышы тууралуу так жана тура маалыматты берүү керек. Өрт болуп жаткан имараттын же обьектинин аталышын толук дарегин, эмне өрттөнүп жатат (эгер билсеңиз), өрт өчүрүүчүлөрдү чакырган адамдын аты-жөнү жана жашаган дареги толук билдирилет.
- Эгер сиз бөлмөнүн ичинде эч ким жок экенин билсеңиз жана өрттү терезенин сыртынан көрсөңүз, анда ал бөлмөгө кирүүгө аракет кылбаңыз.
- Биринчиден-өрттөнүп жаткан бөлмөнүн эшигин жабуу керек. Ачык эшик түтүндү эле чыгарбастан, ошондой эле эвакуация кылууга да тоскоолдук кылат, күтүлбөгөн жерден кошумча абанын кириши өрттүн чоң ылдамдыкта өөрчүшүнө алып келет.
- Тезинен айгай көтөрүп, катуу кыйкырып, өрт жөнүндө билдирүү керек.
- Өрт жөнүндө имараттын кызмат адамдарына билдириңиз, ал болсо адамдарды тез аранын ичинде мектептин имаратынан эвакуация кылуу чараларын көрөт.
- Ар бир адам милдеттүү түрдө мурдатан макулдашылган чогулуу пунктуна келиши керек, ал жерде бардыгы мектептен эвакуацияланганын билүү үчүн атынан айтып текшерүү жүргүзүлүүсү зарыл.
- Өрткө каршы кызматы келген маалга биринчи кезекте төмөнкүлөрдү билдирүү зарыл:
- Өрт кайсы бөлмөдө болуп жатат;
- Имараттан бардыгы эвакуацияланганбы;
- Өрт учурунда эвакуациялоонун тартиби:
  - Айгай
  - Өрткө каршы кызматын чакыруу
  - Эвакуация
  - Чогулуу
  - Атын айтып текшерүү

### Айгай

- Ар бир өрттү биринчи көргөн адам (окуучубу же персоналдык мүчөсүбү) өрт чыкканын байкагандан кийин, олку-солку болбостон токтоосуз түрдө өрт жөнүндө айгай көтөрүшү керек.
- Ал атайын өрт жөнүндө кабарлоочу сигнализациянын аркылуу. Атайын өрт жөнүндө кабарлоочу сигнализация жок же иштебей калган учурда үндү күчөтүүчү аспаптын жардамы аркылуу жана атайын мурда белгиленген күчтүү, катуу үн чыгаруучу нерселерди ургулоо, койгулоо менен белги берилиш керек.

### Өрткө каршы кызматын чакыруу

- «101» номерине чалып, өрткө каршы кызматын чакыруу керек.
- уюлдук телефон менен «101» номерине чалуу белгилүү бир райондун кодун тербестен түз гана 101 номерин терип анан чалууну басасыз, чалуу акысыз.
- Өрттүн чыгышы тууралуу так жана тура маалыматты берүү керек. Өрт болуп жаткан имараттын же обьектинин аталышын толук дарегин, эмне өрттөнүп жатат (эгер бөлмөдө эмне күйүп жатканын билсеңиз), өрт өчүрүүчүлөрдү чакырган адамдын аты-жөнү жана жашаган дареги толук билдириш керек.
- Сиз берген так жана толук маалымат кимнир бирөөнүн өмүрүн же болбосо үй-жайын жана мал-мүлкүн сактап калаары толук мүмкүн.

### Эвакуация

- Ар бир адам айгайды уккандан кийин өздөрүнүн оордуларынан туруп, тез аранын ичинде өрттүн кайсыл тараптан башталгандыгын баамдап чуркабастан, бирин-бири түртүп жөөлөшпөстөн эшике чыгуу керек.

- Имараттын бөлмөнүн жана эвакуациянын жолундагы эвакуация учурунда колдонулбай турган башка бардык эшиктерди жабу зарыл.
- Эшикти жабуудан мурун ичинде эч ким жок экенин текшериниз.
- Эшикти кулпу же ар түрдүү нерсе менен тиретип бекитип салбаңыз.
- Имараттагы баардык эшиктер ар дайым сыртты карай ачылуусу зарыл.
- Эгер сиз көп барбаган, ичине кирип көрө элек, түзүлүшү татаал чоң имараттар болсо, негизги жана кошумча чыгуучу эшиктерин жана ага баруучу жолдорду жакшы баамда ар дайым эсиңизден чыгарбаңыз. Ошондой эле эшиктери кайсыл тарапка ачылаарын дагы эстен чыгарбаңыз.
- Кошумча эшиктерди бекем же толук бекитип салбаңыз.
- Кошумча жолдорду, тепкичтерди ар кандай эмеректер менен тосуп салбаңыз.
- Түнкүсүн элдер көп болуучу жайлардагы кошумча эшиктердин үстүнө түнкү убакта жарык же чыгуу деген жарыктандырылган табличак илиниш керек.
- Эвакуация убагында ары бери чуркабаңыз, элдерге тезирээк чыгууга жардам бериниз.
- Эвакуация убагында түтүн болуп имаратты каптап кетсе, эң биринчиден дем алуу органдары менен көздү жабыркарат.
- Өрт болуп жаткан убакта эвакуация кылууга негизги биринчи тоскоолдук жараткан түтүн болуп эсептелет, анын курамында көптөгөн химиялы заттар болгондуктан дем алуу органдары менен кошо көздү жабыркатат да көзүбүз көрбой багытыбыздан адашабыз.
- Имаратта өрт болгон убакта жогорку температура менен коштолуп, түтүн абадан жеңил болгондуктан өйдөңү карай көтөрүлөт, ошол себептен ылдый жакта дем алууга мүмкүн болгон аба болот. Өрттүн көлөмү чоңойуп түтүн толук каптап кете электе эңкейген же жөргөлөгөн абалда шарф же чүпөрөк кездеме менен жаап оозу мурдуңузду жаап тезирээк чыгып кетүүңүз зарыл.

**Чогулуу**

- Чогулуу жайы мрдатан макулдашылышы керек. Чогулуу жайына келип, адамдардын тобу аныкталган жайларды ээлеп, тарап кетпей, ошол жерде болуп турушу керек.

**Атын айтып текшерүү**

Адамдарды чогулуу жайына келээри менен тезинен атынан айтып чакырууну жүргүзүү керек

1. Эң алгач 101 номерине чалып, кырсык тууралуу толук маалымат берүү керек.
2. Эгер түтүнгө чулганып калсаңыз, түтүн менен өтө терең дем албаңыз, колго тийген кездемени нымдай калып дем алуу органдарды жабыуу керек, бул деле көп жардамы тийбейт, эң кегизгиси эрте чыгып кетүүгө аракет кылуу керек.
3. Өрт чыккан маалда терезени ачып же айнегин талкалоого болбойт. Анткени кычкылтек өрттү күчөтүп жиберет .
4. Көпчүлүк менен баратканда түртүшүүгө жана дүрбөлөңгө түшүүгө жол бербеңиз.
5. Сыртка чыгуучу эшикти жана тепкичти табууга аракет кылган оң. Чоң заманбап имааратардын баарында негизги жана кошумча тепкич болот. Аларды атайын көрсөткүч менен белгилеп коюшат. Өрт болуп жаткан убакта түтүн каптап көрбөй калышыңыз мүмкүн, ошондуктан имаратка киргенде эле алгач чыгуу жолдорун, кошумча эшиктерди байкап алганыңыз оң.
6. Бийик имараттарда өрт болгон убакта лифт менен түшүүгө тыюу салынат. Эгер жарык өчүп калса камалып каласыз.
7. Жолдошторуңузду күтүп убара болбоңуз. Сиз куткаруучу эмессиз. Албетте, жакын адамыңызды таштап кетүү кыйын. Сиз демалган истүү түтүн 1 мүнөттөн 3 мүнөткө чейин эле жетиштүү зыян алып келет. Кандагы истүү газдын көлөмү 3-5 мг/л жетсе адам зыянга учурайт. Мисалы жабык гаражда автоунаанын түтүнүнө дем алып калсаңыз ууланганда биринчи белгилер 2-4 сааттын ичинде белгилүү болот. Канга кирген истүү газдын концентрациясы болжол менен 0,2-0,3 мг/л түзөт.
8. Өрттөн качып баратып баардыгына эскертиңиз. Качып баратып көпчүлүктө жыгылбаңыз, эгер жыгылсаңыз тезирээк турганга аракет кылыныз.

# *Окуучуларга орт коопсуздугу боюнча инструкция*

***Кенже класстын окуучулары үчүн:***

*1.Ширеңке менен ойнобо жана алба.*

*2.Мештин жана ачык спиралдуу жылыткыч приборлун жанында кийим кургатуу, оюнчуктар менен ойноо отурталдуу.*

*3.Чоң кишилердин уруксатысыз электр приборлорун , газ плитасын иштетүүгө болбойт.*

*4.От жагып анын ичинде ойноого жол берилбейт.*

*5.Эгер өрт болуп жатканын көрсөң дароо ата- энеңе же чоң кишилерге билдир.*

## *Жогорку класстар үчүн:*

*6.Кичинекей балдардын ширеңке менен ойнобоосуна көз салып алардын колу жетпеген жерине койгула.*

*7. Тааныш эмес буюмдарды ысытпагыла айрыкча порошок , сыр идиштерин аэрозолдук баллондорду.*

*8. Электр ысыткыч жабдууларын кароосуз калтырбагыла. Кичинекей балдарды телевизорду сайдырбагыла. Үйдөн чыгып баратып электр жабдууларын өчүрүп кеткиле.*

*9. Толтура бензин бар бочка эле коркунучтуу эмес. Оңой күйүп кетүү суюктук куюлган бош бочка же күйгүзүлгөн ширеңке талы деле оор күйүккө же жаракатка алып келээрин эсиңерге сактагыла*

*10.Мештеги отту же сыртка от жакканда бензин же солярка менен тутанттагыла.*

*11.Отту кароосуз калтырбагыла. Өчүрүп кеткиле*

*12.Кичине балдарга жана өзүңөр кураган чөптү , Терек жалбырагыгнын парын өрттөөгө жол бербегиле*

*13.Өрттү көрүп калсаңар чоң кишилерге кабарлап* ***101*** *телефонуна чалып өрт өчүрүүчүлөрдү чакыргыла.*

***Мектептин айланасында:***

*14. Чоң от жагууга факелдерди, петардаларды, фейерверктерди туташтырууга тыюу салынат.*

*15. Мектептин территориясында тамеки тартууга болбойт.*

*16.Мектепке ширеңке , күйүүчү суюктарды тез күйүп кетүүчү материалдарды , буюмдарды алып келүүгө тыюу салынат.*

*17. Класстарда, кабинеттерде жарык берүүчү жана ачык спиралдуу жылыткыч приборлорун колдонууга тыюу салынат.*

*18.Мусор чогултуучу контейнерлерге күйүп жаткан ширеңкени салууга эч жол берилбейт. 19. Эгер өрт чыгып калса үч кыска коңгуроо кагуу менен эвакуациялагыла*